**Окурмандык сабаттуулук боюнча PISAга багытталган тест**

**7-КЛАСС**

***Берилген текстти окуп чыккыла.***

## Жакшы ниетте ой жүгүртүү

Бир жолу кары кытай устат шакиртине мындай дейт:

- Кана, бул бөлмөнү жакшылап карап чыгып, андагы күрөң түстөгү бардык нерселерди санап берчи?

Жигит айлананы карады. Бөлмөдө күрөң буюмдар көп болчу: сүрөттүн жыгач жээктери, диван, көшөгөнүн кырбуусу, парталар, китеп байлагычтар жана башка көптөгөн майда нерселер.

- Эми көзүңдү жумуп, көк түстөгү бардык нерселерди санап бер, - дейт устат.

Жигит өзүн жоготуп, шашып кетет:

– Мен эч кандай көк нерсе байкагандай болгон жокмун!

Анда устат мындай дейт:

- Көзүңдү аччы. Карачы, бул жердеги жайнаган көк нерселерди!

Бул чындык эле: көк ваза, сүрөттүн көк жыгач жээктери, көк килем, устаттын көк көйнөгү.

Ошондо устат айтат:

– Ошол жетишпеген нерселердин бардыгын кара!

Анда шакирт мындай дейт:

– Бул деген куулук го? Мен болсо сиздин көрсөтмөңүз боюнча көк эмес, күрөң нерселерди издегем.

Мугалим акырын үшкүрүп, анан жылмая: - Мен сага дал ушуну түшүндүргүм келген. Сен күрөң түстүү гана издеп таптың. Сенин жашооңдо да ушундай болуп жатат. Сен жаман нерсени гана издеп таап, жакшыны көрбөй калып жатасың! –дейт.

- Мага ар дайым эң жаман нерсени күтүү керек, ошондо эч качан көңүлүң калбайт деп үйрөтүшкөн. Эгер күткөнүңдүн эң жаманы болбой калса, анда бул мага жагымдуу белек болот. А, эгер мен ар дайым жакшы болот деп ишенип жүрүп жаман болуп калса көңүлүм калып калышы мүмкүн да!

- Жашоодо жаман нерсе болот деп ойлопишенип күтүү, жакшы нерселерди көз жаздымда калтырууга түртөт. Эгер жамандыкты күтсөң, ал сөзсүз келет, же, тескерисинче. Ар бир кыжалат кылган ой оң мааниге ээ боло турган көз карашты тапса болот. Ушундан баштап сен бардык нерсенин кандайдыр бир жакшы жагын издешиң керек!

**Текстке берилген тапшырмаларды аткаргыла. Туура жоопборду тегеректеп белгилегиле.**

1. Устат шакиртине эмне үчүн күрөң түстүү нерселерди гана издетти?

А) байкагычтыгын текшерүү үчүн
Б) санаганын текшерүү үчүн
В) көзүнүн курчтугун текшерүү үчүн
Г) буюмдарды саноо үчүн

2. Устат түстөрдү эмнеге салыштырган? Жообун жазгыла.

Жообу:

---

3. Таблицада берилген ырастоолор тексттин маалыматында камтылгандыгын аныктагыла. Ар бир ырастоонун "ооба" же "жок" экенин аныктап тушуна ∨ белгисин койгула.

| Ырастоолор | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Бөлмөдө көк түстүү нерселер жок болчу. | | |
| Устат шакиртине көзүңдү жуумп күрөң нерселерди санап бер дейт. | | |
| “Жашоодо жакшы нерсе болсо, ал белек” - дейт мугалим. | | |
| Мугалимге дайыма жакшы нерсени күтүү зарыл экендигин айтышкан. | | |
| Шакирт ар бир жасалган иштен жакшы нерсени издөө керек дейт. | | |
| Шакирт көзүн жуумп устаты сураган түстөгү буюмдарды санап берди. | | |

4. Кыргызда ушул тексте туура келе турган жакшы ой, ойлонуу тууралуу макалдардан бир нечесин (2ден кем эмес) жазгыла.
Жообу:

___

___

5. Тексттин кандай максаты бар?
А) Жакшы ойлогондо жаман нерсе болуп калганда адамдын көңүлү каларын баяндоо
Б) Жашоодо ар кандай: түстөр сыяктуу, жакшы нерсе, жаман нерсе болорун түшүндүрүү
В) Кылынган ар кандай иш-аракеттен жакшы нерсени табууга аракет кылууга үндөө
Г) Ар нерседен жамандыкты күткөндө болбой калганы чоң белек экенин түшүндүрүү